УДК: 409.5
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-215-221

Мурасатов Б.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Мурасатов Б.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Murasatov B.A.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ИЗАФЕТТИК АЙКАШТЫН СЕМАНТИКА-СТИЛИСТИКАЛЫК ФУНКЦИЯСЫ
СЕМАНТИКО-СТИЛИСТИЧЕСКАЯ ФУНКЦИЯ ИЗАФЕТНОГО КОНСТРУКЦИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ
THE SEMANTIC AND STYLISTIC FUNCTION OF IZAFET CONSTRUCTIONS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Макала кыргыз тилиндеги изафеттик айкаштын семантика-стилистикалык функциясын териштирүүгө арналат. Изафеттик айкашууда башкаруунун да, ээрчишүүнүн да элементи бар, башкача айтканда, компоненттер бири бирине өз ара багынуучу абалда болушары каралат. Эмгекте изафеттик байланыштын үч түрү аркылуу түзүлгөн аныктоочтук айкашуулардын компоненттери, бир жагынан, кийинкиси алдыңкысын башкарса, экинчи жагынан, кайра кийинкиси алдыңкысын ээрчип, бири-бири менен эриш-аркак болуп жакындашып турары негизделет. Кыргыз тилиндеги инверсия кубулушу изафеттик айкашта кенен колдонулары такталат. Этиштик сөз айкаштары аркылуу изафеттик айкаштардын жасалары бир нече мисалдар менен толукталат. Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн функциясына келгенде, ага таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрдүн (барыш, жатыш, чыгыштын) биринин мүчөсү уланары жана өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөрү иликтенет. Жандооч сөздөрүнүн көпчүлүгү жана жардамчы атоочтор да бүтүн сөздүк формасын сактап калышкан, бирок алар жардамчы сөздүк маанини билдиргендиктен, экөө тең контексттен тышкары өзүнчө колдонулбай изафет аркылуу ишке ашырылаары териштирилет.

Аннотация: В статье рассматривается семантико-стилистической функции изафетного конструкция в кыргызском языке. В изафетных конструкциях присутствуют элементы как управления, так и примыкания, то есть компоненты находятся во взаимной подчинённости. В работе рассматриваются компоненты определительных словосочетаний, образованных посредством трёх видов изафетной связи. С одной стороны, последующий компонент управляет предыдущим, с другой — последующий примыкает к предыдущему, таким образом, уточняется, что инверсия (обратный порядок слов) в кыргызском языке широко используется в изафетных сочетаниях. Через глагольные словосочетания демонстрируются образования изафетных конструкций с приведением ряда примеров. Исследуется, что когда вспомогательные имена выступают в функции служебных слов, за ними следует один из падежей пространственного значения (дательно-направительный, местный или исходный), и они соединяются с существительным в притяжательном падеже, образуя изафетное словосочетание. Большинство предлогов и вспомогательных имён сохраняют полную форму слова, однако, поскольку они выражают вспомогательное значение, оба предлоги, и вспомогательные имена - не употребляются самостоятельно вне контекста и функционируют только посредством изафетной связи.

Abstract: This article is dedicated to the semantic and stylistic function of izafet constructions in the Kyrgyz language. Izafet constructions contain elements of both government and adjunction, meaning the components are in a mutually dependent relationship. The study examines the components of attributive phrases formed through three types of izafet connections. On one hand, the following component governs the preceding one, and on the other hand, it also adjoins it, forming a closely interrelated structure. It is clarified that inversion (the reverse word order) is widely used in izafet constructions in the Kyrgyz language. The formation of izafet constructions through verbal phrases is illustrated with several examples. The study also explores that when auxiliary nouns function as service words, they are followed by a component in one of the locative cases (dative, locative, or ablative), and they connect with a noun in the possessive case, thereby forming an izafet construction. Most postpositions and auxiliary nouns retain the full word form, but since they convey auxiliary meaning, both postpositions and auxiliary nouns do not function independently outside of context and operate only through izafet linkage.

Негизги сөздөр: морфологиялык категория; грамматикалык маани; грамматикалык категория; грамматикалык форма; морфология; синтаксис; синтаксистик байланыш; лексема; сөз түркүмдөрү; синонимия; сөз айкашы; изафеттик конструкция; система; структура.

Ключевые слова: грамматические значение; грамматическая категория; грамматическая форма; морфология; синтаксис; семантика; стилистика; части речи; синонимия; словосочетания; структура; системное отношение; изафетная конструкция; парадигма.

Keywords: morphological category; case category; grammatical meaning; grammatical catecory; grammar forms; syntax; morphology; lexeme; parts of speech; synonym; word combination; system; structure; pragmatic.

Кыргыз тилинде изафеттик айкашуу аныктоочтук айкашууда уюшулуп, башкаруунун да, ээрчишүүнүн да элементи бар, башкача айтканда, компоненттер бири бирине өз ара багынуучу абалда болушат.

Аныктоочтук милдет агкарган биринчи компонент таандык мүчө жалганган экинчи компонент тарабынан башкарылгандыгынын белгиси катарында илик жөндөмөсүнүн формасын кабыл алат.

Иликтин -нын - башкаруу байланышынын белгиси. Тескерисинче, биринчи компонент илик жөндөмөсүндө тургандыктан, экинчи компонентке таандык мүчө жалганат.

Илик жөндөмөсүндө турган аныктооч кайсы жакта турса, аныкталгыч болуп түшкөн экинчи компонентке да ошо жактын таандык мүчөсү жалганат.

Башкача айтканда, таандык мүчөлүү аныкталгыч иликтин мүчөсү жалганган аныктоочту жак жагынан ээрчийт. Демек, аныктоочтогу илик жөндөмөсүнүн мүчөсү башкаруу байланышынын белгиси болсо, аныкталгычтагы таандык мүчө жак боюнча ээрчишүүнүн белгиси [1, б. 163].

Ушинтип, изафеттик байланыштын үч түрү аркылуу түзүлгөн аныктоочтук айкашуулардын компоненттери, бир жагынан, кийинкиси алдыңкысын башкарса, экинчи жагынан, кайра кийинкиси алдыңкысын ээрчип, бири-бири менен эриш-аркак болуп жакындашып турушат. Аныктоочтук айкашуунун компоненттеринин синтаксистик байланышынын өзгөчөлүгүнө караганда “кыйышуу” деген термин катары ыңгайлуу жана булардын грамматикалык эки жактуулугуна (башкаруу ээрчишүү) жакындай сезилет [2, б. 64].

Изафеттик байланыштын үчүнчү түрүнө негизделип түзүлгөн аныктоочтук айкашуунун компоненттеринин арасындагы башкаруу байланышы грамматикалык принциби боюнча гана этиштик кадимки башкаруу менен байланышканы кийинкиден айырмаланат.

Башкаруунун ортосунда мындай айырма бар: кадимки этиштик башкарууда этиш сөзүнүн лексико-грамматикалык мааниси боюнча тигил же бул сөздүн белгилүү жөндөмөдө болушун талап кылып, башкаруу касиети жөндөмө мүчө жалганган сөзгө таасирин тийгизе албайт, мындайча айтканда, этиштик башкаруудагы аракеттенүүчү күч жөндөмө менен гана чектелет, андан ары уңгуга таралбайт. Ал эми таандык мүчө жалганган аныкталгычта болсо иш мындан башкача турат. Мында таандык мүчө аркылуу аныктооч, бир жагынан, илик жөндөмөсүнүн формасын кабыл алса, экинчи жагынан, таандык мүчө кайсы жактын мүчөсү экендигине карата иликтин мүчөсү жалгануучу аныктооч да мааниси жагынан таандык мүчөнүн формасы менен ээрчишет. Бул жерде иликтин мүчө жалганган сөз мааниси жагынан, мындайча айтканда, кайсы жактык логикалык субъект экендиги аныкталат

Изафеттик байланыштын 3-түрүнө негизделип түзүлгөн аныктоочтук байланыштын компоненттери бири-бири менен жак боюнча ээрчишкени менен, сан боюнча ээрчишпей калышы да мүмкүн. Илик жөндөмөсүндөгү аныктооч жекелик түрдө болсо, таандык мүчө жалганган аныкталгыч көптүк түрдө жана мунун тескерисинче да болот. Сан жагынан ээрчишпей калуу аныктооч менен аныкталгычтын ортосунда гана эмес, ээ менен баяндоочтук (этиштик) ортосунан да кезигет. Демек, аныктооч менен аныкталгычтын жана ээ менен баяндоочтун ортосундагы ээрчишүү байланышы көбүнчө жак боюнча ээрчишүүгө негизделген. Сүйлөм мүчөлөрүнүн сан боюнча ээрчишүүсү дайыма болуучу нерсе эмес, туруксуз. Мисалы: Азиз - Жапектин таякелеринин таякелери эле. Асылкакдардын үйүнө көп кишилер келишти. Монголдордун аттары кичине, бирок ой-тоодо жүрүүгө чыдамкай келет ж. б.

Таандык мүчө жалганган зат жекелик түрдө турса да, көптүк түрдөгү аныктооч менен айкашуу, айкашпастыгы бул эки компоненттин маанисине байланыштуу.

Кыргыз тилиндеги инверсия кубулушу:

Аныкталгычтын аныктоочунан мурун келиши ырдан гана эмес, кара сөздөн да кезигет, бирок булар алардын сүйлөмдөгү айкашуусу синтаксистик аткарган кызматына байланыштуу. Бул жерде бир аз мисал менен гана чектелип, ал жөнүндө мисал аркылуу келтирсек: Чаар кунан чыкмасынан башка Ыманбайдын мингич малы жок. Ташы тегеренип, табалары канып жатышкандыр бетпактардын (Т. Сыдыкбеков. “Тоо арасында”). Уулу бардын азу бар, кызы бардын изи бар («Мин бир түн» жомогунан) ж. б.

Ар кандай сөз түркүмдөрү аркылуу түзүлгөн изафеттик байланыштын үчүнчү түрүндөгү атоочтук айкашуунун илик жөндөмөсүндөгү компоненти сөз түркүмү жагынан зат атооч, ат атооч, сан атооч жана кыймыл атооч (иш-аракеттин аталышы) болушу мүмкүн. Мисалы: жетимиш экөөнүн бирдемеси, бирөөнүн бирдемеси, экөөнүн келечеги, жакшылыкка жоруунун жол-жобосу, таттуунун таттуусу, ачуунун ачуусу, кетүүнүн айласы, менин балам.

Атоочтуктан кийин келген изафеттик аныктоочтук айкашуунун биринчи компоненти ушулар сыяктуу заттык мааниде колдонулган сын атоочтон жана атоочтуктан (причастиеден) да болушу мүмкүн. Атоочтуктар атоочко сүйлөмдө аткарган негизги милдети, башкача айтканда, аныктоочтук кызматы боюнча гана жакындашпастан, заттык мааниге өтүү жолдору жагынан да жакындашат. Мындай учурда аныктоочтордо кандайдыр бир ички маанилик өзгөрүү байкалат: кыймылдык жана абалдык жөнөкөй белги субъектик-аныктоочтук белги аркылуу мүнөздөлөт. Мисалы: Ыйлагандын көзү жаман, айткандын оозу жаман (макал).

Этиштик сөз айкаштары аркылуу түзүлгөн изафеттик айкаштарга төмөнкү мисалдарды келтирүүгө болот: Күлгөндүн билгени бар. Ыйлагандын оозу жаман. Сексендин сегизи.

Илик жөндөмөсүндөгү сөзгө күчөтмө мааниде таандык мүчө жалганып, анын кайталанышы аркылуу заттын сапаттык мааниси күчөтүлүп берилет. Мисалы: Адамгалый да жигиттин жигити, адамдын гүлү эле (С. Раев, Унутулгус күндөр). Ал саяпкердин саяпкери деп, көк жылкы Октябрь майрамынан кийин даназаланды (Жаш Ленинчил). Э, айланайын, миң башым, кудай шыпаа берип, акылдын акылдарын кошо берсин (К. Жантөшев).

Мындай тилдик күчөтмө каражаттар улуттук дүйнөтаанымды, тарыхый салтты жана адамдын баалуулукка болгон көз карашын терең чагылдырат. Айрыкча, жалпы педагогика илимий тармагында «Манас» эпосу аркылуу атуулдукка тарбиялоо маселесине түздөн-түз кайрылган окумуштуулар да бул маселеге өзгөчө көңүл бурушкан. Алардын ичинде Р. Т. Сулайманованын «Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы атуулдукка тарбиялоо маселелеринин чагылдырылышы жана алардын педагогикалык тажрыйбадагы орду» аттуу эмгеги өзгөчө мааниге ээ [11].

Илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрү бир зат менен болгон карым-катнашын көрсөтүү менен гана чектелбестен, изафеттик байланыштын биринчи түрү сыяктуу татаал сөздөрдү жасоо үчүн да колдонулат. Эки-үч компоненттен турган татаал сөздөрдүн айрымдарынын акыркы компонентине таандык мүчө жалганат. Ушул өзгөчөлүк аркылуу мындай татаал сөздөрдүн компоненттери өз алдынча мурдагыдай катарда колдонулбай, бир бүтүн тилдик бирдик катары кабыл алынат. Ыкташуу байланышы аркылуу түзүлгөн сөздөрдүн жасалышы синтаксистик жол катары эсептелгендей эле, изафеттик байланыштын экинчи түрү, башкача айтканда, кыйышуу жолу менен жасалган татаал сөздөрдү синтаксистик-морфологиялык жол менен жасалган сөздөр катары кароого болот.

Демек, мындан сөз жасоонун морфологиялык, синтаксистик, лексика-семантикалык жана фонетикалык жолдорунан тышкары, атоочтук жана этиштик айкаштар аркылуу да жаңы сөздөрдүн жасалары байкалат. Мисалы: машина-трактор станциясы, өндүрүш куралдары, өндүрүш күчтөрү, дем алыш үйлөрү, дубал газетасы, эл үйлөрү, эмгек баатыры, эл чарбасы, пролетариат диктатурасы, өндүрүш каражаттары, керек-жарак коому, кул ээси, жумушчу табы, жардамдашуу кассасы, электр тогу [10, б. 88]

Изафеттик байланыштын экинчи түрү боюнча жасалган сөз айкашуулары менен кошмок сөздөр формалдык белгиси боюнча бири биринен айырмаланбайт. Сөз айкашууларынан жалпы ат маанисиндеги кошмок сөздөрдү ажыратууда кээде кыйынчылык да туулат. Мындай татаал сөздөрдүн синтаксистик жөнөкөй эле сөз айкашуу экендигин же кошмок сөз экендигин ажыратуунун негизги чеги болуп булардын мааниси эсептелет. Эгерде сөздөр бири-бири менен грамматикалык байланышта болуп,

бирок бир маанини түшүндүрсө, анда мындай сөздөрдүн тобу жөнөкөй айкашуу болуп эсептелинүүгө тийиш. Эгерде грамматикалык жагынан байланыштуу болуу менен бирге, маани жагынан да бир маанини билдирип, лексикалык бир бирдик катарында: кабыл алынса, анда мындай сөздөрдүн тобу кошмок сөздөр болуп эсептелинүүгө тийиш. Кошмок сөздөрдүн маани жагынан болгон биримдиги синтаксистик жагынан да каралат. Адатта, кошмок сөздөрдүн компоненттери синтаксистик кызматы жагынан өз ара ажыратылбайт. Ал эми сөз айкашууда болсо бул маселенин эки жактуу экендигин кыргыз тили боюнча А. Жапаров туура белгилеп, эки түрдүү сөз айкашуу бар деп көрсөтөт:

1) компоненттери өз ара составдык бөлүктөргө бөлүнүүчү сөз айкашуулары. Мындай сөз айкашуунун компоненттеринин ар бири сүйлөм ичинде өз алдынча милдет аткарат;

2) составдык бөлүктөргө бөлүнбөөчү сөз айкашуулары. Сөз айкашуунун мындай түрү компоненттери биригип лексикалык бир бирдик болуп эсептелбегени менен, сүйлөмдөгү аткарган милдети боюнча составдык бөлүктөргө бөлүнбөйт. Айкашуунун бул түрүнө маанилүү компоненттерден башка да жардамчы атоочтор жана жандоочтор сыяктуу кызматчы сөздөр кирет. Мисалы, эл арасына тараган, айыл ак сакалдары, айыл арасы, баш айрылса бөрк ичинде, кол сынса жең нчинде, эшик алдында, түн ичинде, ооз учунан айтты, ат үстүнөн кетти [3, б. 450].

Азыркы кыргыз тилинде 3-жактын таандык мүчөсү аркылуу колдонулуучу бир катар жардамчы атоочтор бар. Аларга асты, үстү, алды сыяктуу сөздөр кирет. Булардын алгачкы экөөсүнүн баштапкы уңгу формалары ас, үс экендиги байыркы жазма эстеликтердин материалдары аркылуу белгилүү. Ал эми үчүнчүсүнүн уңгу формасын азыркы кыргыз тилинин материалдарынын негизинде да аныктоого болот.

Мисалы: ал жапкыч, алга кетти, иче турган суунун алды. Ушул өңүттөн караганда, алды, асты, үстү деген формалар уңгуга кошулган кошумча элементтердин негизинде түзүлгөн деп кароого болот. Тилдик фактылар көрсөткөндөй, бул сөздөрдүн курамындагы д, т тыбыштары түпкү уңгуга кийинчерээк жалганган тилдик көрүнүш катары каралууга тийиш.

Мисалы: Койлордун алдына чык. Жоонун алдын кайырды. Издеген адамы алдынан кезикти. Эми эле мунун алдында келип кетти.

Изафеттик айкаштын түрлөрү боюнча мисалдар: сулуулук салону, мобилдүү телефон, мугалимдер бөлмөсү, шаардык парк, Бишкек шаары, кол саат, арзан саат, университеттин ректору, атамдын үйү, кооз сумка, чоң үй, үйдүн эшиги, балдар дарыгери, учак самолет, түрк кофеси, өнөр жай, Сансыздын кеткенине, Асандын жашаганына.

Таандык байланышта багындыруучу сыңар болгон сөзгө жалганган таандык мүчөгө ылайык, багыныңкы сыңар кызматындагы сөз илик жөндөмө мүчөсүндө келип байланышат. Мында багындыруучу сыңардын лексикалык маанисинин же сөз өзгөртүүчү башка формаларынын таасири дээрлик болбойт. Синтаксистик байланыштын бул түрү грамматикалык формалардын өз ара шайкештигине негизделген байланыш биримдиги болуп саналат. Мисалы: Эрдин күчү — сом темир, эритүүгө эр керек (Токтогул). Аскердин командирине жараша, жыгылбай турган жоо, алынбай турган чеп болобу (Т. С.). Ошондуктан бул уландылар менен өзгөрүлгөн башка сөз түркүмдөрү заттанып кетет: Пионер уюмунда балдар коомдук турмуштун биринчи мектебинен өтүшөт. Мында турмуштун мектебинен деген зат атоочтук сөз тизмегинин тутумуна кирген турмуштун деген багыныңкы сыңар таандык байланышта турат. Акылдуунун сөзү кыска, айткандары - нуска (макал). Атасы Сансыздын кеткенине бир ай болду (К. Ж.). Берилген мисалдарда болсо акылдуунун сөзү деген айкалышга акылдуунун деген сын атооч заттануу аркылуу таандык байланышта турат да, Сансыздын кеткенине деген сөз айкалышында багындыруучу сыңар болуп келген кеткенине деген атоочтук заттанып турат. Таандык байланышта багыныңкы сыңар кызматындагы сөз айрым учурларда илик жөндөмө мүчөсү аркылуу ачык формада берилсе, кээ бир шарттарда бул мүчө түшүрүлүп айтылып, көмүскө түрдө да колдонулушу мүмкүн. Демек, мындай байланышта илик жөндөмөнүн ачык жана көмүскө формалары кездешет. Мисалы: Оштун аппак алтын, Чүйдүн шекер-кант берүүчү өсүмдүктөрүнүн плантациялары канатын жылдагыдан да кенен жайды (Ш. Б.). Мындай түзүлүштөргө мектептин имараты, менин китебим, Аалынын үйү сыяктуу айкаштар менен катар айыл багы сыяктуу көмүскө формадагы мисалдар да кирет.

Бул мисалдарда багыныңкы сыңар болуп келген пионер, мектеп, жер, адам деген сөздөрдүн илик жөндөмө уландылары көмүскө калган. Бирок багындыруучу сыңар болуп түшкөн багы, имараттары, кыртышы, таалайы деген сөздөргө жалганып турган таандык уландылар аркылуу алардын көмүскө калган жөндөмө уландылары билинип, айкын болуп турат [2, б. 221].

Жардамчы атоочтор аркылуу уюшулган сөздөр кызматчы сөздөрдүн өзүнчө бир түрүн түзөт. Азыркы кыргыз тилинде бул топко асты, алды, ичи, жаны, башы, бети, түбү, арты, ортосу ж.б. сыяктуу мейкиндик маанисиндеги зат атоочтордун негизинде пайда болгон сөздөр кирет.

Кызматчы сөздөрдүн баары, тарыхый жагынан алганда толук маанилүү негизги сөздөрдөн келип чыгат. Толук маанилүү сөздөр кызматчы сөзгө өтүүдө алардын лексикалык мааниси күңүрттөнүп, начарлайт **(**карай: кара (этиш)-(-й; сыяктуу: сыяк (зат. ат.)+луу), же бара-бара лексикалык өз бетинчелигин таптакыр жоготот **(**жана: жан (кайтуу)+а; бирок: бир (сан. ат.)+ок), же болбосо бүтүн сөздүк формасы сактапса да, кээде кызматчы сөз маанисинде, кээде өзүнүн толук лексикалык маанисинде колдонулат: Ал ары басты **(**ары - орун тактооч). Мындан ары келбейм **(**ары - жандооч).

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор да кызматчы сөздүк мааниси менен бирге өзүнүн алгачкы лексикалык маанисин да сактап калган [4, б. 77].

Эгерде жардамчы атоочтор грамматикалык жөндөмөлөрдүн биринде турса, өзүнүн толук маанисин сактап, заттык түшүнүктү билдирет. Мындай учурда алар өз алдынча туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат; эгерде синтаксистик ажырагыс сөз айкашынын курамында келсе, өзүнөн мурунку байланышкан сөзү менен бирдикте туруп аткарат: Биз бараткан кыя жолдун асты - типтик жар таш («КМ»). Серкебайдын үйүнүн жаны кечегидей эле азан-казан (К.О.). Эки колун жайып, алардын алдын тороду (К.Бек.). Ал жалпак тамдын үстүнүн калыңдыгы 30 сантиметрче бар экен.

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн функциясына келгенде, ага таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрдүн (барыш, жатыш, чыгыштын) биринин мүчөсү уланат жана өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөт. Жардамчы атоочтор минтип изафеттик айкаштын составында келгенде өзүнчө лексикалык маани бербей, алдындагы сөзгө багыныңкы абалда болот да, ошол сөз менен бирге туруп мейкиндик, мезгилдик катышты билдирет: Таабалды арабанын үстүндө жаткан (К. Бек.). Араңдан зорго Алымдар элдин алдына чыгышты (К. Ж.). Атай анын жанынан шып өтө берди. (К. Бек.).

Жардамчы атоочтор изафеттик айкаштын курамында айтылганда гана кызматчы сөздүн функциясын аткарат**.** Эгерде алар илик жөндөмөдөгү сөз менен айкашпай, өзүнчө туруп эле сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарса, анда ал жардамчы атооч эмес, зат атоочтук мааниде колдонулган болот: Биз кайра тартканда, алдыбыздан Данияр кезиге турган (Ч. А.). Ысак менен Султангазыны жаныма чакырып алдым (К. Б.). Үстүнө карышкырлар үймөлөктөп калды (К. Б.). [5, б. 101].

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн маанисине келгенде мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтөт. Жөндөмөлөр жеткиликтүү бере албай калган маани жардамчы атоочтор аркылуу толукталат. Мисалы: «Керим сарайга келди» десек, анын кайсы жерге келгени, орду жалпы гана көрсөтүлүп турат. Эгер «Керим сарайдын жанына келди», «Керим сарайдын алдына келди», «Керим сарайдын үстүнө чыкты» десек, кыймыл-аракеттин орду такталып, конкреттүү көрсөтүлөт.

Кээде жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөздүн аягындагы жөндөмө мүчө түшүрүлүп да айтылат (көбүнчө иликтеги сөз абстракттуу, же белгисиз мааниде болсо, же болбосо өзгөчө белгиленбеген, конкреттүү эмес, жалпы таандыкты билгизсе, мүчөсүз айтылат): Азербайжанда нефть жер астында эле болбостон, суу астында да толуп жатат («ЖЛ»). Түнөгөн конок үйүм бульвар жанында (К. Б.). Кечүүдөн төмөн күбүр үстүнөн адам өтө берип, жол түшүптүр (Т. С.).

Кээ бир жардамчы атоочтор тактоочтук функцияда колдонулат. Мындай учурда алардын алдында кыйышуу жолу менен байланышкан иликтеги сөз болбойт. Маани жагынан башка сөзгө көз каранды болбой, өзүнчө туруп эле толук маани берет. Алардын алгачкы конкреттүү мейкиндик мааниси абстракцияланып, жалпы эле орундук маанини, кээде мезгилдик маанини түшүндүрөт: Башында биз ушул кыштакта жашоочубуз. Алдыда дагы эле эл-журт көрүнбөйт (Ч. А.). Акбар жулунуп астыга чыга калды (К. Бек.). Башынан билем мен

сени Балыктын уулу Найманым (Токтогул). [6, б. 277].

Кээ бир окумуштуулар жардамчы атоочторду жандоочтун бир түрү катары карашат Мисалы, Носилов жандоочторду «послелоги-частицы», «послелоги-имена» деп экиге бөлүп, жардамчы атоочторду экинчи топтун ичинде карайт. Бир катар илимпоздор жандоочтор менен жардамчы атоочторду кызматчы сөздөрдүн эки башка түрү катарында карашат.

Жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда айрым бир окшоштук белгилер бар:

а) Экөө тең кызматчы сөздүк функцияда келгенде кандайдыр бир конкреттүү маанини бербейт, бүтүн сөздөрдүн ортосундагы грамматикалык катышты билдирет: мектепти карай кетүү (мейкиндик катыш), жаздын алдында келүү (мезгилдик катыш). [9, б. 277].

б) Жандоочтордун көпчүлүгү жана жардамчы атоочтор да бүтүн сөздүк формасын сактап калышкан, бирок алар жардамчы сөздүк маанини билдиргендиктен, экөө тең контексттен тышкары өзүнчө колдонулбайт.

Бул өңдүү жалпы белгилер менен бирге, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда чоң айырмачылыктар да бар: биринчиден, жандоочтор грамматикалык жагынан өзгөрбөй турган сөздөр. Жардамчы атоочторго болсо, тескерисинче, таандык уланды жана мейкиндик жөндөмөлөрүнүн мүчөсү улана берет. Экинчиден, жандоочтор атооч, чыгыш, барыш, табыш жөндөмөлөрүндөгү сөздөр менен айкашып айтылса (жол менен, мектептен бери, тоого чейин, клубду көздөй), жардамчы атоочтор дайыма илик жөндөмөдөгү сөз менен айкашат (чананын үстүнө, керегенин башында ж. б.). Үчүнчүдөн, жандоочтор атоочтордун, атооч менен этиштин ортосундагы ар түрдүү грамматикалык катышты билдирет. Жардамчы атоочтор мындай катыштарды билдирүү менен катар, мейкиндик жөндөмөлөрүнүн маанисин да толуктап, тактап көрсөтөт. Ушул өзгөчөлүктөрүнө караганда, жардамчы атоочтор менен жандоочторду кызматчы сөздөрдүн өзүнчө түрлөрү катары өз-өзүнчө кароо ылайыктуу.

Алгачкы маанисинен алыстап, кызматчы сөздүк милдетти аткарып, жөндөмөнүн маанисин тактап көрсөтүүчү жана жөндөмөлөр жеткиликтүү бере албаган синтаксистик катышты толуктап туюндуруучу сөздөр жардамчы атоочтор деп аталат. [7, б. 332].

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүк функцияда келгенде дайыма илик жөндөмөдөгү атооч менен байланышат. Бирок мындай учурда алар жардамчы сөздүк мааниде колдонулгандыктан, сөз айкашынын багындыруучу компоненти боло албайт. Анткени сөз айкаштары, негизинен, толук маанилүү сөздөрдөн түзүлөт. Демек, илик жөндөмөдөгү сөз менен жардамчы атооч өз алдынча гана айкашкан учурда структуралык жана маанилик жактан толук сакталган байланыш түзүлбөйт. Мисалы: таштын астына, үйдүн ичинен ж. б.

Мындай жардамчы атоочтук айкаштар бир бүтүн формада келип, экинчи бир этиш менен айкашканда гана структуралык жактан да, маанилик жактан да толук уюшулган байланыштарды түзөт: таштын астына коюу, үйдүн ичинен чыгуу. Ушундай түзүлүштөгү байланыштарда жардамчы атооч өзүнөн мурдагы илик жөндөмөдөгү сөз менен бирге туруп, багыныңкы компоненттин милдетин аткарат: үйдүн үстүнө чыгуу.

Экинчи жагынан, мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын курамындагы жардамчы атооч жандооч сыяктуу эле, алдындагы атооч менен андан кийинки этишти өз ара байланыштыруучу элементтин кызматын да аткарат [8, б. 211].

Жыйынтыктап айтканда, изафеттик айкашууда башкаруунун да, ээрчишүүнүн да элементтери бар. Башкача айтканда, анын компоненттери бири-бири менен өз ара багыныңкы-багындыруучулук катышта болот. Изафеттик байланыштын үч түрү аркылуу түзүлгөн аныктоочтук айкашуулардын компоненттери, бир жагынан, кийинкиси алдынкысын башкарса, экинчи жагынан, кийинкиси алдынкысын ээрчип да турат. Демек, алар бири-бири менен эриш-аркак байланышып, өзгөчө синтаксистик бүтүндүктү түзөт.

Аныктоочтук айкаштын компоненттеринин синтаксистик байланышынын өзгөчөлүгүнө караганда, бул көрүнүштү белгилөөдө «кыйышуу» деген термин кыйла ылайыктуу экени байкалат. Анткени ал бул байланыштын грамматикалык эки жактуулугун, башкача айтканда, башкаруу менен ээрчишүүнүн айкалышын, кыйла так чагылдырат.

Изафеттик байланыштын үчүнчү түрүнүн негизинде түзүлгөн аныктоочтук айкаштардын компоненттеринин ортосундагы башкаруу байланышы грамматикалык принциби жагынан кадимки этиштик башкарууга жакын болгону менен, андан

өзүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланары каралды.

Кыргыз тилиндеги инверсия кубулушу изафеттик айкаштарда кеңири колдонулары да аныкталды. Этиштик сөз айкаштары аркылуу изафеттик айкаштардын жасалары бир катар мисалдар менен толукталды. Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн функциясында келгенде, аларга адегенде таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсү (барыш, жатыш, чыгыш) жалганат. Ошондой эле алар өздөрүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөт. Жандоочтордун көпчүлүгү жана жардамчы атоочтор бүтүн сөздүк формасын сактап калган. Бирок алар жардамчы сөздүк маанини билдиргендиктен, контексттен тышкары өз алдынча колдонулбай тургандыгы аныкталды.

Колдонулган адабияттар

1.Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Тексттаануу, Лингвистика. –Бишкек.: 2009. -928 б.

2. Ашырбаев Т.Кыргыз тилинин стилистикасы. Бишкек-Ош, 2000. -240б

3. Жапаров А. Синтаксический строй кыргызского языка. / М-во нар. Образование. Респ. Кыргызстан, Каф. кырг. языкознания КГУ. –Б.: Мектеп, 1991. -418с.

4. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. –Бишкек: 2009.- 390б.

5. Насилов В.М. Язык орхоно-енисейских памятников. М., 1960

6.Токтоналиев К.Т. Азыркы кыргыз тили: синтаксис. Бишкек, 2015.- 250б.

7. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары. –Фрунзе: Илим, 1976.

8. Убрятова, Е.И. Исследования по синтаксису якутского языка [Текст] /Е.И.Убрятова.- М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1950.- Ч.1: Простое предложение. -304 с.

9. Шведова, Н.Ю. Структурные схемы предложения и их регулярные реализации [Текст] /Н.Ю.Шведова //Грамматика соврем. рус. лит. языка.-М., 1970. - С. 546-595.

10. Абылкасымова Р.Т., Узекеева Ж.Ш., Казакбаева Ж.Ш., Байгутуева М.К. Студенттердин өз алдынча ишин уюштуруудагы мультимедиялык технологияларды пайлануулунун натыйжалуулугу. [Текст] Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетини (Жарчысы). №3 (119). Бишкек-2024. –С.4-7.

11. Сулайманова, Р. Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос “Манас” / Р. Т. Сулайманова, К. А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61-67. – EDN BOIHTB.

Рецензент: ф.и.к., доцент Абдыкалыкова А.

УДК 37.013.73
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-221-230

Мусакулов Т.М., Калибекова Д.Т., Темиралиева Т.К.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Мусакулов Т.М., Калибекова Д.Т., Темиралиева Т.К.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Musakulov T.M., Kalibekova D.T., Temiralieva T.K.
KNU Jusup Balasagyn

КООМДУК АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУКТАР ЖАНА ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ИНСАНДЫН АДЕП-АХЛАКТЫК ЖҮЗҮ (ЖУСУП БАЛАСАГЫН МЕНЕН МАХМУД КАШГАРИНИН АНЫКТАМАСЫ БОЮНЧА)

НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ ОБЩЕСТВА И МОРАЛЬНЫЙ ОБЛИК ЛИЧНОСТИ ЭПОХИ СРЕДНЕВЕКОВЬЯ (ПО ОПРЕДЕЛЕНИЮ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА И МАХМУДА КАШГАРИ)

MORAL AND ETHICAL VALUES OF SOCIETY AND THE MORAL IMAGE OF A PERSON OF THE MIDDLE AGES (AS DEFINED BY ZHUSUP BALASAGYN AND MAHMUD KASHGARI)

Кыскача мүнөздөмө: Макала Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин эмгектерин изилдөө аркылуу, алардын орто кылымда жашап жана эмгектенгенин эске алып, ошол учурдагы